*Исаков Т.Э., Байсалов Дж.У.*

# МЕКТЕПТЕ ОКУУ ПРОЦЕССИН ИНФОРМАЦИЯЛЫК-КОММУНИКАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫН НЕГИЗИНДЕ УЮШТУРУУ

*Исаков Т.Э., Байсалов Дж.У.*

# ОРГАНИЗАЦИЯ УЧЕБНОГО ПРОЦЕССА В ШКОЛЕ НА ОСНОВЕ ИНФОРМАЦИОННО-КОММУНИКАЦИОННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ

*T.E. Isakov, Dzh.U. Baisalov*

# ORGANIZATION OF EDUCATIONAL PROCESS AT SCHOOL ON THE BASIS OF INFORMATION AND COMMUNICATION TECHNOLOGIES

*УДК:337.56*

*Автор бул макалада мектепте окуу процессин информациялык-коммуникациялык технологиялардын негизинде уюштурууну караган.*

*Автор в этой статье рассмотрел организацию учебного процесса в школе на основе информационно-коммуникационных технологий.*

*The author of this article considered the organization of educational process at school on the basis of information and communication technologies.*

Билим берүү чөйрөсүн жаңыртуу **информациялык-коммуникациялык технологиялардын (ИКТ)** каражаттарын иштеп чыгууга жана аларды окуу процессине киййирүүгө байланышкан теориялык жана методикалык маселелерди карап чыгууга алып келди. Алар окуучулар менен окутуучуларга маалыматтын түрдүү булактарын пайдалануу боюнча кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачып берди. Түрдүү кесиптик көндүмдөргө ээ болууга жана бышыктоого чыгармачылык шарт жаратуучу, окутуунун жаңы формалары менен усулдарын ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берүүчү өз алдынча иштөөнүн натыйжалуулугун арттырууда.

Окуу процессин ИКТ каражаттарынын базасында уюштуруу жолдорун талдоого алып көрөлү. ИКТ каражаттарын билим берүү процессинде пайдалануунун төмөнкүдөй уюштуруу моделдерин эске алуу керек:

- компьютердик класс;
- мугалимдин жумушчу ордундагы бир компьютер проектору менен;
- класстын жумушчу бөлүгүндөгү 1-5 компьютер;
- мектеп китепканасындагы компьютер;
- окуучунун үйүндөгү компьютери.

Алгачкы үч моделди биздин изилдөөлөр көрсөткөндөй бир топ маанилүү катары мүнөздөйбүз.

Бөлүнүп көрсөтүлгөн бул моделдердин **биринчисинин негизги** жетишкендиги – дал ушул компьютердик класста окутуунун салттуу класстык-сааттык системасынын негизинде компьютердин интерактивдүү мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланууга болот.

Бөлүнүп көрсөтүлгөн моделдердин **экинчиси** – компьютер проектору менен окуу процессинде көргөзмөлүүлүк принцибин интерактивдүүлүк менен айкалыштыруу аркылуу ишке ашыруу маселесин толугу менен чечүүгө жөндөмдүү. Мында компьютердик презентациялоону мугалим гана эмес, окуучу да пайдалана алат.

Бул болсо окуучулардын коммуникациялык көндүмдөрүн калыптандырууга абдан жакшы өбөлгө түзөт.

**Үчүнчү модель** болсо окутуудагы жекече мамилени ишке ашырууга: начар окуган окуучулар менен белгилүү бир көндүмдөрдү даярдап иштөөгө, класс менен иштөөдө күчтүү окуучулар менен интерактивдүү моделдерди изилдөөгө багытталган.

Математика кааналарын, предметтик кааналарды жана жалпы орто билим берүү системасындагы окуу жайлардагы автоматташтырылган жумушчу орундарын ИКТ каражаттары менен жабдууга карата педагогикалык, техникалык, санитардык-гигиеналык жана эргономикалык сунуштардын аталган уюштуруучулук моделдеринин өзгөчөлүгүн чагылдыруучу аспектилери жана ИКТ каражаттарына коюлуучу талаптар изилдөөлөрдө көрсөтүлгөн:

- жогору универсалдуулугу жана аткарылуучу функцияларды кеңири спектрде пайдалануунун ар түрдүү шарттарына жана усулдарына адаптациялануучулугу; бул функцияларды ишке ашыруудагы жетишерлик ылдамдатылган аракети;
- система курамында окуучулардын окшош же ар түрдүү программалар боюнча бир эле убакта жана көз карандысыз иштөөсүн камсыз кылуучу бир катар жумушчу оруңдардын болушу; окуучулардын биргелешип иштөөсүн уюштуруу үчүн башкаруучу өз ара байланышты камсыздоо;
- ар бир жумушчу орунда окуучулардын аракеттенүүсүнүн жүрүшүн протоколдоо мүмкүнчүлүгүн камсыздоо;
- графикалык жана тексттик маалыматтарды ча-

гылтуунун өнүккөн каражаттарынын, ошондой эле бул маалыматты киргизүү жана алар менен манипуляция жүргүзүү каражаттарынын болушу; экрандык каражаттардын зарыл болгон сапаты, динамикалуу сүрөттөлүштөрдү түзүүнүн кеңири мүмкүнчүлүктөрү;

- окуучулардын компьютер менен интерактивдүү өз ара аракеттенүсүүнүн жөнөкөйлүгү жана жеткиликтүүлүгү, бул өз ара аракеттенүнүн формасын конкреттүү шарттарга жана милдеттерге карата ийкемдүү ырастоо;

- окуучулардын мүмкүнчүлүктөрүнө, жекече жана жаш курак өзгөчөлүктөрүнө жараша ылайыкташуу;

- пайдаланууга карата даярдыгы, даярдыгы жок пайдалануучулар үчүн иштөөнүн жөнөкөйлүгү жана ыңгайлуулугу; бул шарттарда жогорку даражадагы ишенимдүүлүктүн болушу;

- системанын техникалык жана программалык каражаттарынын окуучулар менен окутуучунун кокустук, ишенимсиз жана алдын-ала даярдалган аракеттеринен корголгондугу;

- эсептөө техникасынын каржаттарынын (ЭТК) бардык элементтери менен иштөө гигиенасы жана коопсуздугу;

- квалификациясы жок пайдалануучулар үчүн программалык камсыздоону колдонуу менен иштеп чыгуунун жөнөкөйлүгү жана ыңгайлуулугу.

Көрсөтүлгөн талаптарды аткаруу тигил же бул предметтик тармактын өзгөчөлүктөрүнө тиешелүү «окуу ишмердүүлүгүнүн информациялык, инварианттык маданиятын» камсыздоочу ИКТ каражаттарынын *мүмкүнчүлүктөрүн* ишке ашыруунун зарыл шарты болуп саналат ,тактап айтканда:

- өз ара байланышты камсыздоонун мүмкүнчүлүгү;
- аз убакыт аралыгында ири көлөмдүү маалыматты даярдап иштөө мүмкүнчүлүгү;
- үйрөнүлүүчү объектилерди, процесстерди жана мыйзам ченемдүүлүктөрдү көрсөтмөлүү алып чыгуу.

ИКТ каражаттарын окуу-тарбия процессинде жемиштүү пайдалануу компакт-дисктерге жазылып, билим берүүгө арналган сапаттуу электрондук басылмалардын (ЭБ) жана глобалдык информациялык мейкиндиктеги информациялык ресурстардын бар экендигине жараша болуп олтурат.

Алар окуучунун интеллектуалдык күч-кубатын өнүктүрүүнүн жана окуу материалын алып чыгуунун системалуулугунун жана түзүмдүк-функционалдык байланышынын эсебинен чыгармачылык жөндөмдүүлүктүн камсыздоочу системалаштырылган тексттик, цифралык, графикалык, кептик, музыкалык, фото жана видеоматериалдарды камтыган басылмалар болуп саналышат.

Акыркы мезгилдерде электрондук басылмаларды деги эле окуу процессинде, анын ичинде табигый-илимий билим берүү чөйрөсүндө пайдаланууга арналган көптөгөн изилдөөлөр пайда болду.

Азыркы шарттарда окутуунун автоматташтырылган системалары – өзүнө кадимки окуу китебин, маалымдаманы, маселелер жыйнагын, лабораториялык практикумду жана өздөштүрүлгөн маалыматты эксперттөөнү бириктирүүнүн эсебинен окуу курсун же анын бүткөн бир бөлүгүн өз алдынча же мугалимдин жетекчилиги астында өздөштүрүүнү камсыз кылуучу электрондук басылмалар бир топ перспективалуу болуп саналат. Мындай системалар окуучуга өзүнө ыңгайлуу болгон режимде теорияны окуп-үйрөнүү, эксперименттик изидөөлөрдү жүргүзүү, машыгуу аракеттери аркылуу практикалык көндүмдөргө жана билгичтиктерге ээ болууга, өзүн- өзү текшерүү үчүн мүмкүндүк берет. Бирок окутуунун автоматташтырылган системалары бир катар техникалык-технологиялык, эргономикалык жана мазмундук-педагогикалык талаптарга жооп берүүгө тийиш.

Окутуунун автоматташтырылган системаларынын маанилүү компоненти болуп мониторинг системасы эсептелет. Мониторингдин маалыматтары окуучу, мугалим  жана администрация тарабынан окуу процессин башкаруу үчүн пайдаланылат. Туура чыгарылган маселелердин пайызы окуучуга ал окуу материалын кандай өздөштүргөндүгү тууралуу түшүнүк берет. Бул учурда ал кайсыл түзүмдүк бирдиктерди толук өлчөмдө өздөштүрө албагандыгын, аны толуктап иштөө керектигин көрө алат. Класстын берген жыйынтыгы мугалимге өздөштүрүүнүн максималдуу деңгээлине жетүү үчүн тигил же бул түзүмдүк бирдиктер боюнча кайталоону уюштуруу зарылдыгын көрүүгө мүмкүндүк берет. Мугалим ар бир окуучунун берген жыйынтыгын айрым-айрым кароо менен,  алар тууралуу тиешелүү жыйынтык чыгарып, жекече иштөө боюнча тиешелүү методикалык чечим кабыл алат. Акыры келип, окуучуну ошол предмет боюнча окутуу динамикасына сереп салууга болот. Айрым окуучулар тарабынан дайыма көрсөткөн жогорку жыйынтыктар  мугалимге алар үчүн жекече предметтик траекторияны  түзүүгө шарт түзөт. Педагогикалык мониторинг системасы мектеп администрациясына окуучулардын предметтер боюнча билим деңгээлине сереп салуу, анын динамикасын көрүү, билим берүү мазмунунун конкреттүү маселелери боюнча педагогдордун методикалык иштерин активдештирүүгө, окуу планынын оптималдуулугун текшерүүгө жана педагогикалык мониторингдин негизинде аны оңдоп-түзөөгө шарт түзөт.

Интернет-технологияларды өзүнүн маанилүүлүгү боюнча персоналдык компьютердин пайда болушун басып түшүүчү революциялык секирик ката-

ры карашат. Электрондук почтаны, байланыштын жана маалымат алмашуунун глобалдык, регионалдык жана локалдык тармактарын камтыган телекоммуникация каражаттары, окутуу үчүн абдан кеңири мүмкүнчүлүктөрдү берди. Ар кандай көлөмдөгү ар түрдүү маалыматты ар түрдүү аралыкка ыкчам берүүнү; интерактивдүүлүктү жана ыкчам өз-ара байланышты; биргелешкен телекоммуникациялык долбоорлорду уюштурууну; ар кандай кызыктырган маселе боюнча электрондук конференциялар аркылуу өткөргөн; маалымат алмашууга чексиз сандагы окуучулардын, өлкөлөрдүн, уюмдардын жана жеке адамдардын кеңири демократиялык башталышта катышуусун камсыз кылды:

Информациялык жана коммуникациялык технологиялардын жетишкендиктерин окуу процессинде пайдалануу азыркы коомду информатизациялоонун эң маанилүү багыттарынын бири болду. Алар төмөнкүдөй мүнөздөмөлөргө ээ болгон жаңы типтеги информациялык билим берүү чөйрөсүн жаратууга өбөлгө түзүү: системалуулук (программалык-методикалык каражаттар комплексинин толуктугу); окуу материалын мультимедиа каражаттары жана окуучулар менен интерактивдүү өз ара аракеттенүүнү уюштуруу аркылуу алып чыгууда пайда болуучу программалык-методикалык камсыздоонун жаңы дидактикалык шарттарын түзүү сапатын камсыздоо. Иштелип чыккан дидактикалык каражаттарды толугу менен же фрагмент түрүндө пайдаланууга мүмкүндүк берүүчү көп функциялуу, окуучулардын жана окутуучунун окутуу мазмунуна болгон түрдүү талаптарына адаптациялануу камсыздоо.

Азыркы коомдогу билим берүүнү информатизациялоонун, ИКТ каражаттарын жалпы билим берүүчү мектептин окуу-тарбия процессинде пайдалануунун жогоруда каралган концептуалдуу жолдору, мектепте билим берүүнү информатизациялоонун психологиялык-педагогикалык аспектилери (мотивациялык аспект, жекече өзгөчөлүктөрдү эсепке алуу жана окуу процессин активдештирүү) окуу информациясын алып чыгуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтти. Билим берүү процессине жогорудагы коюлган талаптар катышуучулардын информациялык өз ара аракеттенүү мүнөзүн өзгөрттү. Окуучулардын ишмердүүлүгүн көзөмөлдөөдө окутууга ишмердүүлүк мамиле кылууну ишке ашырууда тиешелүү шарттарды камсыздоо, коммуникациялык көндүмдөрдү калыптандырууда ъзгъчъ мааниге ээ болду.

**Адабияттар:**


1. Асанов Б. (башкы ред.), Бекбоев И. (жооптуу ред.) Кыргыз педагогикасы : Энциклопедиялык окуу куралы. - Бишкек, 2004.
2. Мамбетакунов Э. Билим берүүнүн жана алуунун модели. //«Шоокум».- Бишкек. 2014. №5 (91).Б.26 – 27
3. Роберт И.В., Панюкова С.В., Кузнецов А.А./ Под редакцией Роберт И.В. Информационные и коммуникационные технологии в образовании. //М.: Дрофа- 2008. 312б.
4. Хеннер Е.К., Шестаков А.П. Информационно-коммуникационная компетентность учителя. // «Информатика и образования». М.- 2004.№12. Б.5-9
5. Полат Е.С., БухаркинаМ.Ю. Современные педагогические и информационные технологии в системе образования.//М.: Академия. - 2010. 368 б.
6. Абдрахманов Т.А., Ногаев М.А. Компетентностный подход в современном образовании: Учебное пособие. - Б.: -2011. 114 б.


**Рецензент: д.пед.н., профессор Алиев Ш.А.**